MANAS Din Bilimleri Dergisi (MDBD) 2023 Cilt: 02 Sayı: 02
Manas Journal of Religious Sciences (MJRS) 2023 Volume: 02 No: 02

Research Paper / Araştırma Makalesi

# Куранды Туура Түшүнүү

Сотволдиев ХАЙИТМИРЗА*

**Аннотация**
Куран алгач адамдын аң-сезимине, андан соң адам тарабынан барак үстүнө жазылган Аллахтын сөзү. Куран катардагы адам баласы түшүнгөн, жөнөкөй тилде, мааниси түшүнүктүү, кишинин логикасына/акылына туура келген түзүмдө келген. Албетте ал эң алгач Аз. Мухаммад, сахабалар доорунда келгендеги жандуулугу менен кийинки мезгилдеги табияты бири-биринен таптакыр айырмаланып турат. Себеби Аз. Мухаммад менен сахабалардын доорунда Куран оозеки формада жана ошол коомдун аң-сезимине, дүйнө таанымына, маданиятына жана аларга таандык жашоо образына ылайык мүнөздөгү табиятты камтыган. Аз. Мухаммаддын доорунан узакташкандан баштап жогорудагы өзүнүн касиетин жоготкон. Муну менен катар арап эмес башка коомдордун мусулманчылыкты кабыл алышы Куранды түшүнүүдө жаңы проблемаларды жарата баштаган. Куран илимдеринин пайда болушунун негизги себептеринен бири да Аллахтын сөзүн түшүнүү жана андагы терең маанилерди билүү эле. Бирок Куран келгендеги алгачкы күндөн бүгүнкү күнгө чейин аны түшүнүүгө багытталган иликтөөлөр кандай жетишкендиктерге жеткендиги ар бир пенденин көңүлүн кызыктырып келет. Эң алгачкы күндөн баштап азыркы күнгө чейин Куранды түшүнүүдө проблемалар болуп келгендиги айкын. Бирок мезгилдин өтүшү менен Курандын тексттин негиз ал алган чечмелөөлөр маселенин маңызын өзгөрттү десек болот.

*Ачкыч сөздөр:* Куран, Аз. Мухаммад, сахаба, маани, илим.

## The True Understanding of Holy Quran

**Abstract**
The Quran is the word of Allah written first on the human mind and then on the mushafs. The Quran was revealed in a structure that is understandable to an ordinary person and compatible with human logic. Of course, the liveliness when it first arrives and its subsequent state are completely different. Because in the time of the Prophet Muhammad and his companions, the Quran was in oral form and contained a meaning that penetrated the human mind and was appropriate to the ideas, culture and living conditions of that time. At the same time, it is necessary to put the revelation into action in order to comprehend it verbally in the mind. After the death of the Prophet Muhammad, the Qur'an lost its initial vitality. However, with the acceptance of Islam by other non-Arab tribes, problems began to arise in understanding the Quran. One of the reasons for the emergence of Quran sciences was to understand the meanings in its content. However, it attracts people's attention to see what kind of successes have been achieved in the research aimed at understanding the Quran from the day it was first revealed until today. Again, it is obvious that difficulties in understanding it have continued from the day it first arrived until today. We can say that with the passage of time, exegetical efforts that focus on the text of the Quran have changed the nature of the problem.

*Keywords*: Qur'an, Az. Muhammad, companion, meaning, knowledge.

* Phd, Кыргыз-Түрк Манас Университети, Теология факультети, Ислам таануу бөлүмү, khaiitmirza.sotvoldiev@manas.edu.kg, ORCID: 0000-0002-7277-5353

## Киришүү

Куран адамзатты бактылуу жашоого үгүттөгөн жана багыттаган акылман ойлорду камтыган, вахий (аян) жолу менен пайгамбарлардын эң акыркысы Аз. Пайгамбарыбызга түшкөн Кудайдын сөзү (Куран). Көптөгөн күбөлөрү жана мурасчылары бар, башкача айтканда ал Аллах тарабынан эч кандай тоскоолдукка учурабаган, мүчүлүштүктөрдөн корголгон китеп. Адам аны окуп, түшүнүп жана түшүнгөнүн жашоодо амалга ашырат. Бул өзгөчөлүк Куран өзү баяндагандай "натыйжалуу жана аналитикалык окуу" принцибине таянат.

Куранды түшүнүү - бул Курандын адамзаттын жашоосундагы ордун, камтыган маанисинин баалуулугун, нормативдик түзүлүшүн түшүндагы кишиге кайсы өлчөмдө жүктөгөнүн, жеке жана коомдук жашоодогу функциясы кандай болоорун түшүнүп жетүү дегенди билдирет.[1] Куран түшкөн доордун алгачкы күндөрүнөн тарта ар бир адам Куран менен түзмө-түз байланыш куруу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алган эмес. Аны менен кошо илим менен алектенбеген адамдардын Курандын тексти менен түзмө-түз байланыш куруп, түпкү маңызында жаткан маанилерди жашоодо иш жүзүнө ашырышы чындыгында акылга жатпаган нерсе.[2] А бирок бул Аз. Пайгамбарыбыз менен бирге сахабалар тарабынан ишке ашырылган. Демек, ар бир пенде Аллахтын кабарын (Куран) өзүндө жаткан далилдердин негизинде акыл-ой жүгүртүүнүн негизинде жогорудагы пикир, мурдагылардын көз-караштарынан пайдаланып түшүнүүгө даремети бар экендигин тастыктап турат.

Куранды түшүнүү тууралуу томдогон чыгармалар жазылган, дагы деле жазылып келатат. Бирок жазылган булактардан алынган маалыматтарды мусулман коомчулугу, кандай түшүндү жана ал чыгармалар Куранды кандай түшүндүргөнү бизди кызыктырат. Себеби Аз. Пайгамбар менен сахабалардын түшүнгөн Куран менен андан кийинки келген коомчулуктардын түшүнүгүндөгү Куран бири-биринен бүтүндөй айырмаланып тургансыйт.

Буга саресеп салганыбызда Аллахтын сөзүнүн алгач келген оозеки формасы менен жазууга түшүрүлгөн учурдагы формасынын ортосунда айырмачылык бар экени айтылып келет. Чындыгында айтылган сөздү аң-сезимибизде же жазууга түшүрүп барак бетинде сактайлы, алгач айтылган сөздүн ордун жазууга түшүрүлгөн кийинки түрү эч качан баса албайт. Андыктан Аз. Пайгамбарга алгач түшүрүлгөн Аллахтын сөзү менен азыркы учурда барак бетиндеги тексттин табияты эң алгач айтылган жандуулукту бере албайт. Барак бетиндеги Курандын тексттин мезгилге жараша жоромолдоп жана түшүндүрүү иретинде гана түшүнүп жетүүгө болот.[3] Бирок колубуздагы Аллахтын барак бетиндеги сөзүнүн маанисинде өзгөрүү болудубу? деген суроо жаралышы мүмкүн. Жок өзгөргөн жок, бир гана табиятындагы алгачкы жандуулукту жоготту деп гана айта алабыз.

Курандын тексттин жоромолдоодо Аз. Пайгамбар менен алгачкы муундун орду чоң мааниге ээ. Анткени сахабалар вахийдин түшүшүнө себеп болгон окуядан сөз кылбаса да ошол мезгилдин аң-сезимине, окуялар жөнүндөгү көз-карашка, сын-пикирлерге жана ал мезгилге таандык дүйнө таанымына ээ болгону үчүн алардан келген маалыматтар, риваяттар асбабу нузул менен тең каралган. Ошондуктан алардын Куранга байланыштуу ар бир жоромолу кийинки муун үчүн өтө маанилүү жана нарктуу. Башкача айтканда болуп өткөн окуя жөнүндөгү чындыкты ал жөнүндөгү жоромолдун негизинде түшүнүүгө болот.[4]

---

[1] Halis Albayrak, *Tarihin İçinden Kur'an'ı Algılamak*, İstanbul: Şûle Yayınları, 2011), 16.
[2] Halis Albayrak, *Tarihin İçinden Kuran'ı Algılamak*, 58.
[3] Mehmet Paçacı, *Kur'an Vahyi*, (İstanbul: Kuran Çalışmaları Vakfı Yayınları, 2017), 314.
[4] Paul Ricoeur, *Hermeneutics and the Human Scieces*, Ed. John B. Thomson, (Cambridge University Press, New York: 1998), 98.

Аз. Пайгамбарыбыздын пайгамбардыгына ишенген коом анын оозунан чыккан Курандын аяттарын угуп, үйрөнүп жана өз жашоолорунда амал кылышкан. Мунун негизги себеби да Куран алардын маданиятынан, дүйнө таанымынан жана аң-сезиминен сөз кылгандыгы болуп эсептелет. Курандагы ишеним, адеп-ахлак, ибадат, адамдардын ортосундагы мамилелер, коомдук жашоонун шарттары, башка диний ишенимдеги группалар менен мамилелери жана алар менен күрөшүү сыяктуу маселелер аларга жооп берүү, сунуштоо, үгүт-насаат берүү, жол көрсөтүү, сындоо, түшүндүрмөлөр берүү сыяктуу багытта жүргөн. Ошондуктан Аллах алгачкы муунду ар тараптуу багыттай алган жана конкреттүү колдоонун натыйжасында туура жолго сала алган. Ушундан улам алгачкы муундун Куран менен байланышында эч кандай кыйынчылык жаралган эмес. Мунун бирден-бир айырмачылыгы алардын колунда колбуздагыдай текст болбосо да, өздөрүн жакшы мүнөздөй алган, коомдун тарыхый өтмүшүндөгү шарттарды жакшы билген, ага ылайык чечим кабыл алган, өз коомунун пайдасына өкүм чыгара алган жогорку жөндөмдүү муун болгон. Бул процесс Аз. Пайгамбарыбыздын өлүмүнө чейин гана сүргөн. Аз. Пайгамбарыбыздын дүйнө салышы менен Куранды түшүнүүдө чоң проблемалар жарала баштаган.[5]

Ислам географиясы кеңейип, башка коомдордун ислам динине кире башташы Курандын тексттин түшүнүүдө жаңы проблемаларды жараткан. Аз. Пайгамбардын дүйнө салышы, сахабалардын доорунан узактоо, мезгилдин өзгөрүшү Курандын тексттинде айрым түшүнбөстүктөрдүн келип чыгышына себеп болгон. А чындыгында бул көрүнүш Аз. Пайгамбардын доорунда да болгон, бирок бул түшүнбөстүктөр дароо эле Аллахтын элчиси тарабынан чечмеленип түшүндүрүлгөн.[6] Муну Курандын кээ бир аяттарынан даана байкасак болот.[7] Пайгамбардын жана сахабалардын доорунан кийин бул түшүнбөстүктөр барган сайын орчундуу проблемага айлана баштаган. Ислам динин жаңы кабыл ала баштаган коомдордун Куранды түшүнүүсү кыйындашкан. Натыйжада Куранды түшүнүү максатында Куран илимдери түптөлө баштаган.

## Куран илимдери

Куранды түшүнүү жана аны жоромолдоо иш-аракети Куран түшө баштаган мезгилден тарта эч токтобой тарыхтын түрдүү доорлорунда түрдүүчө жүргүзүлүп келген. "Улумул Куран" деген ат Курандын аяттарын түшүнүү жана жоромолдоо максатын көздөгөн илимдерге берилген ысым. Бул ысымдын термин катарында эң алгач хижра жыл санагы боюнча 5-кылымда жашаган Али бин Ибрахим Саид ал-Хуфий (430/1038) "ал-Бурхан фий Улумул Куран" аттуу чыгармасында колдонгону Зарканий тарабынан айтылган.[8] Албетте Куран илимдеринин саны туурасында так маалымат берүү кыйын. Заркаший (ө. 794/1391) "ал-Бурхан" аттуу чыгармасында 47 Куран илиминин болгондугун айткан. Бирок Куран илимдерин сан менен чектөө туура эмес экенин да баса белгилеген.[9] Суютий (ө. 911/1505) Заркаший айткан илимдердин санын дагы да кеңейтип астрономия, геометрия, медицина жана ушуга окшогон илимдерди да Куран илимдерине кошкон.[10] Заркаший менен Суютий тарабынан берилген статистикалык маалыматтарга караганда Куранды түшүнүү үчүн Куран илимдери менен кошо диний жана так билимдерди билүүнүн керектиги байкалат. Учурда да муну колдогон ой-пикирлер жок эмес.

Ар бир Куран илиминин негизги максаты Аллахтын аяттарын туура түшүнүү жана түшүндүрүү болгон. Исламдын алгачкы күндөрүндө Курандын аяттарында ошол мезгилде жашаган арап коомуна жат, бейтааныш сөз же тил колдонулган эмес. Ибн Халдун: "Куран араптардын тилинде түшкөн. Сүйлөмдүк түзүлүшү, тилдик эрежелери ал

[5] Halis Albayrak, *Tarihin İçinden Kur'an'ı Tarihi Anlamak*, (Şule Yayınlar, İstanbul: 2011), 57-58.
[6] Davut Aydüz, *Tefsir Tarihi, Çeşitleri ve Konulu Tefsir*, (İzmir: Işık Yayınları, 5. Baskı, 2008), 31.
[7] Maide, 5/67; Nahl, 16/44.
[8] Muhammed Abdulazim ez-Zerkani, *Menahilu'l-İrfan fi Ulumu'l-Kur'an*, (Beyrut: Daru'l-Kitabi'l-Arabiyye, 1995), 31.
[9] Bedreddin Muhammed b. Abdullah ez-Zerkeşi, *el-Burhan fi Ulumu'l-Kur'an*, (Kahire: Daru't-Turas, 2008), 1/11-12.
[10] Celaleddin Abdurrahman es-Suyuti, *el-İtkan fi Ulumu'l-Kur'an*, thk.: Ahmed b. Ali, (Kahire: Daru'l-Hadis, 2006), 1/41-44.

коом колдонгон тилдик мүнөздө болгондуктан, Аллахтын кабарын түшүнүүдө кыйынчылык жаралган эмес" деп айткан.[11] Ошондой болсо да, Куранда ал коом түшүнбөгөн сөздөрдүн же маанилердин болушу табигый нерсе. Себеби жаңы бир диндин жана вахийдин келиши менен кээ бир сөздөр өзүнүн нукура маанисинен башка же кеңири мааниде колдонулган.

Курандын арап тилинде түшүшү ар бир араптын анын терең маанисин билүүгө тийиш деген ойдон таптакыр алыс болуш керек. Анткени бир китепти түшүнө билүү үчүн аны тилдик өзгөчөлүктөрү менен бирге акыл-ой жана маданият жагынан ошол китептин деңгээлине жетүү керек.[12] Ошондо гана адам аны аңдап жетет. Мисалга алсак, азыркы күндө кайсы бир тармакта илимий деңгээлде жазылган макаланы же китепти ошол тилди билген адам түшүнө албашы мүмкүн. Аны түшүнүү үчүн жогоруда айтылган деңгээлге жетүүсү абзел. Ушул эле көрүнүштү Куран үчүн да айтууга болот.

Курандын маанисин түшүнүүдө анын ички дүйнөсүндөгү маани- маңызды азыркы күнгө которууга шарт түзгөн жана исламды түшүнүүдө булак катары саналган ар бир маалымат электен өткөрүлүүгө тийиш. Башкача айтканда исламды тааныткан ар бир маалыматка терең көңүл буруп,[13] илимий чөйрөдө анализденип иликтелүүсү Курандын тексттинин туура түшүнүлүүсүнө шарт түзөт.

**Куранды кандай түшүндүк?**

Ислам дүйнөсү Аз. Пайгамбар менен анын шакирттери (сахабалар) бул дүйнөдөн өткөндөн соң диний маселелерди чечүүдө жана Аллахтын сөзүн туура түшүнүүдө көптөгөн проблемалар жарала баштаган. Бул маселелерди чечүү үчүн көптөгөн илимдер пайда болду, бирок бул илимдер диний жана коомдук проблемаларды чече алдыбы же тескерисинче проблемаларды жараттыбы? деген суроо туулат. Албетте бардык нерсе алгачкысындай болбойт. Анткени Куранды жана диний маселелерди эң жакшы түшүнгөн насил Аз. Пайгамбар менен бирге сахабалар болгон. Алардын орду балким эч качан толтурулбайт. Канткенде да Курандын тексттин түшүнгөн жана аны ар бир жеке адамдын өз жашоосунда колдонгон өзгөчөлүктөгү коом болуу үчүн Аз. Пайгамбарыбыз менен сахабаларга таандык риваяттарды жана жоромолдорду туура анализдөө менен ишке ашат.

Куранды түшүнүү үчүн адам өзүнүн билим деңгээлине жараша көптөгөн илимдерден пайдаланса болот. Мисалга алсак ислам дининин булагы менен түзмө-түз байланышы болгон тафсир илиминин булагы жана темасы Куран. Бүгүнкү күнгө чейин тафсир тармагында алгач Куранды түшүнүүдө жана ислам маданиятынын өнүгүшүнө салымын кошкон көптөгөн чыгармалар жазылган. Бул чыгармалар ислам дүйнөсүнүн чоң жетишкендирге жеттүүсүнө түрткү болду. Башкача айтканда Курандын аяттарын түшүнгөн, Аллахтын буйруктарын так орундаткан, башкаларга үлгүлүү коом тарыхтан өттү десек болот. Булагы Кудайга таянган тексттин адамдар тарабынан түшүнүлүшү жана жоромолдонушу оңой эмес. Курандын тарыхында алгачкы мезгилден тарта текстинин мазмунун түшүнүүдө кемчиликтер болуп келген. Мисалга алсак, Курандагы кээ бир сөздөрдүн көп мааниде келиши мурдагы тафсирлерде жана жоромолдордо өзгөргүс норма катары эсептелип, билим менен диндин ортосундагы байланыштарга субъективдүү, бейкалыс же маселеге бир тараптуу караган эффектерди себептерден бири деп айтууга да болот.[14]

[11] Abdurrahman İbn Haldun, *el-Mukaddime*, (Tunus: Daru't-Tunusiyye 1993), 574.
[12] Halis Albayrak, *Tefsir Usulü*, (İstanbul: Şûle Yayınları, 2009), 125.
[13] Mehmet Paçacı, *Kur'an Vahyi*, 320.
[14] A.Faruk Sinanoğlu, "Dini Metinlerin Yorumuna Toplum Bilim Açısından Yaklaşım", İslâm ve Yorum Sempozyumu Fikret Karaman (Malatya: Malatya İlahiyat Vakfı Yayınları, 2017), 141.

Орто кылымда учурдагы технологиянын негизин улуу мусулман аалымдары түзүп кеткен. Медицинанын атасы  Ибн Сина (ө. 428/1037), химиянын курууучусу Жабир бин Хаййан (729-815), улуу саякатчы жабр илиминин курууучусу Харазмий (780-850) жана башка илимдерде Фараби (ө. 339/950), Бируний (ө. 453/1061), Омар Хаййам (ө. 526/1132) сымал так билимдерди негиздеген аалымдарды атоого болот. Бул аалымдар эң белгилүүлөрү. Булардын катарында башка түрдүү тармактарда улуу аалымдар өсүп чыккан. Алардын калтырган мурасын өнүктүрүп, жаңы нерселерди кошо алган жокпуз. Анткени Куранда айтылгандарды жакшы түшүнбөй, өзүбүзгө ыңгайлаштырып, жоромолдоп аны коомго түшүндүрүүгө аракеттендик. Азыркы учурда да бул көрүнүш дагы да өзүнүн залаксын тийгизип келет.

Чындыгында аны түшүнүүдө кайчы пикирлердин жаралышы, жоромолдордун түрдүүлүгү, объективдүү анализдердин ордуна субъективдүү көз-караштардын сунулушу жана методикалык катаачылыктардын болушу коомдо диний түшүнүктүн орнобой жатышына залакасын тийгизген.  Мезгилдин өзгөрүшү менен жашоодо жаңы шарттардын жаралышы, бул өзгөрүү Курандагы кээ бир аяттардын түрдүүчө жоромолдонушуна себеп болду. Ошондой эле акыркы убакта дүйнөдөгү өзгөрүүнүн ылдамдыгынын тездеши кээ бир диний проблемалардын барган сайын чечилбес проблемага айыланышына жана бул маселелердин өз убагында чечилбей же жоромолдонбостон калышы убакыттын өтүшү менен эч өзгөргүс өкүм катары каралышына да өбөлгө түзөт деп айтууга болот.

Канткенде Аллахтын сөзүн туура түшүнүүгө жана аңдоого болот. Биз аңдаган түшүнүктөбү же башка маанидеби? Дегеле өзү ислам дининин негизги окуусу Куранды так түшүнө билүү кантип ишке ашырылат? деген суроонун тегерегинде ой-жүгүрткөнүбүздө азыркы мезгилде Куранды канчалык түшүнгөнүбүз жана түшүнгөнгө аракеттенгенибиз байкалат.

Жашоонун маңызына маңыз кошкон тексттин (Курандын) ичинде камтылган Кудайдын акылман кайрылуусун аңдап билүү үчүн ар бир мусулман аны изилдеп анализдөөгө тийиш. Албетте оозеки айтылып келген сөздүн китеп түрүнө айланышы анын эски табиятын жоготушуна себеп болду. Оозеки түрүндөгү сөздүн кагаз бетине түшүрүлүшү анын мурдагы касиетинен ажыратты. Башкача айтканда оозеки түрүндөгү сөздүн кагаз бетине түшүрүлүшү убакыт, жер, айтылган сөздүн ээси жана кайрылган адам сыяктуу маселелерден таптакыр узакташкан башка формага айланды. Ушул себептен кагаз бетине түшүрүлгөн текстти жоромолдоо, аны мурдагылардан калган көз-караштардын, риваяттардын негизинде түшүнүүгө болот. Анын алгачкы абалына кайтуу кыйындыкты жаратаары анык. Китеп абалына келтирилген Куранды түшүнүү мындан соң жоромол кылынган түшүндүрмөлөрдүн, риваяттардын жана ой-пикирлердин негизинде жүргүзүлөт. Вахий келген мезгилге, окуяларга күбө болгон Аз. Пайгамбарыбыздан жана анын тегерегиндеги сахабалардан келген туура маалыматтардан гана үйрөнүүгө болот. Туура маалыматтарды булардан башка эч бир булактан табылбайт. Куранды туура түшүнүү үчүн сахабалар тарабынан айтылган сөздөр, алардын көз-караштары, жүрүм-турумдары жана мамилелери жөнүндөгү жоромолдордун топтолушу жана классификацияланышы керек.[15] Анткени бул жоромолдор Курандын түпкү маанисин түшүнүүдө эң негизги жолдордон бири. Мунун эң негизги предметтеринен бири да хадис. Бирок ал Куран сыяктуу сакталып, кийинки муунга өзүндөй сакталып калтырылбагандыгында жатат. Аз. Пайгамбарыбыздын оозунан бул түрдө чыгып чыкпаганы анык эмес, ал айткандай бул түрдөгү хадистер күмөн жаратып келет. Бул дагы көптөгөн проблемаларды жаратат.

Адам баласынын жашоосундагы дагы бир негизги нерселерден бири дин жеке адамдын күндөлүк жашоосундагы маселелердин чечилишинде таасирдүү рол алышы

[15] Mehmet Paçacı, *Kur'an Vahyi*, 316.

керек деп каралат. Чындыгында ошондойбу? Жок. Дин, адамдын жашоосундагы ар бир нерсеге кийлигишпейт, бир гана жашоонун өзөгүн түзгөн элементтерди гана негиз алат.

Аллахтын сөзүн түшүнүү үчүн жүргүзүлгөн иш аракеттердин жемиштүү болбошу адамдын буга кайдыгер карашына таяндырсак болот. Анткени "оку" буйругу жөнүндө ой толгогонубузда бул сөздүн терең мааниге ээ экенин жана барак бетине түшүрүлгөн сөздөр курамынын камтыган маанисин түшүнүп жана аны жашоодо амалга төгүү дегендикти билдиргенин көрүүгө болот. А бирок биз мунун маанисин түшүнүп окууга багытталбаган таризде окуу менен чектейбиз. Арап тамгаларын үйрөнүп, маанисин түшүбөстөн окуу менен сооп табуу деген ойдо болуу же болбосом шыпаа табуу сымал ойлорго көмүлүү ыйык Курандын ички маанисине карама каршы келүү дегендикти түшүндүрөт. Муну менен катар Курандын түшүү себебине, максатына көңүл бурбай, аны шыпаа берүүчү текст катары көрүү же өлгөн адамдардын рухуна арнап окуу менен тим болуу да Курандын ички маанисине карама каршы келет деп айтууга болот. Кыскасын айтканда мусулман коомдо өлгөндөрдүн рухуна багыштап, оорулардын айыктыруучу, сырткы жаман нерселерден коргоочу сөз катары эсептеп жана маанисин түшүнүүгө багытталбаган таризде окуу негиз алынган.

"Адамбаласы билбеген нерсенин душманы" деген арап макалы бар. Бул макал Куранды түшүнүүдө далил катары кабыл алынбайт. Ошентсе да азыркы күндөгү Ислам дүйнөсүнүн сүрөттөп тургандай сезилет. Себеби Курандын тафсири боюнча көптөгөн магистирдик, доктордук дисстертациялар жазылды. Ошондой эле дүйнөлүк масщтабда Куранды көркөм окуу боюнча конкурстар уюштурулуп келет. Муну менен катар Куран боюнча түрдүү изилдөөлөр жүргүзүлүп, диний темаларда коомго түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатат. Бирок булардын баары Ислам дүйнөсүндө болуп жаткан кан төгүүлөрдү алдын алган жок, бири- бирин зулумдук менен өлтүргөн мусулмандарга тоскоол болбоду. Курандагы кээ бир темалардан сөз кылган илим адамдардын айткандарын түшүнүп түшүнбөй, жээрип сындалды. Батыштын жана чыгыштын жасап чыккан технологиясынын кыпындай нерсесин өндүрө албаган Ислам дүйнөсүн азыркы абалы жан кейитээри анык.

Куран бардык дартка шыпаа эмеспи? Куран ды түшүнүүдө алып барылган аракеттерде кандайдыр бир катаачылык жокпу? Эмне үчүн Ыйык Куранытбыз мусулман коомчулугунун өсүп-өнүгүшүнө эч кандай пайда бербеди? Бул маселе кеңири жана терең түшүнүүнү талап кылат. Ар бир мусулманга катанын кайсыл жерде болуп жатканын түшүнүүнүн убагы келди.

Учурда Ислам дүйнөсүндөгү бул көрүнүш дүйнөнү багынтып турган өлкөлөрдүн пайдасына гана жарап жатканы айкын. Аз. Пайгамбарыбыз жашап өткөн Курандагы жашоо образын, Кудайдын элчиси жашагандай, түшүнгөндөй түшүнө алдыкпы, ал тургай Курандын ар бир аяты айтайын дегени эмне? Эмне үчүн Аллах мага бул аятты түшүрдү? деген сүроону өзүбүзгө бербей келишибиз негизги себеп эмеспи? Тескерисинче Ислам дүйнөсү Куранда, хадисте айтылгандар бир четте калып кайдан келгени билинбеген риваяттарга, икаяларга, жомокторго, сөздөргө таянып жашап калды. Илгерки мусулман аалымдардын жоромолдору, пикирлери калып, бир аалымдын субъективдүү көз - карашына таянып, башка аалымдардын көз караштарына көңүл бурулбастан бир тараптуу маселеге кароо коомчулукту туңгуюкка түртөрү көрүнүп турат.

## Корутунду

Куранды туура түшүнүүгө багытталган тарыхтагы иш-аракеттер кээ бир доорлордо өз максатына жеткени маалым. Бул маалыматтар мында кийин да ошондой ийгиликтерге жетүүгө болорун бизге айгинелеп турат. Демек Куранды жана аны түшүнүү максатында жазылган бардык тексттерди негиз алып, жаңы методдор менен текстти азыркы мезгил менен тарыхты бири-бирине жуурулуштуруунун негизинде орундалат. Муну менен катар учурга жооп берген сунуштардын жаралышы Куранды туура

түшүнүүгө мүмкүндүк жаратат. Куран түшкөн алгачкы адамдардын вахий (аян) менен мамилесин, дүйнө танымын, аң-сезимин таануу жана алардын тажрыйбаларынын негизинде мезгилдин талабына жараша жаңыдан Куранды жоромолдоо керек. Бул коомдун интелегенциясынын же Куран илимдери тармагында өсүп жетилген илимдүү инсандардын негизинде ишке ашат. Куранды туура түшүнүүгө жалгыз биздин коомчулугубуз эле эмес, буга бүткүл адамзат муктаж. Анын туура түшүнүү азыркы күндөгү глобалдуу проблемалардын чечилишинде да чоң салымы болот деген ойдомун.

## Адабияттар

Albayrak, Halis, *Tarihin İçinden Kur'an'ı Algılamak*, İstanbul: Şûle Yayınları, 2011). 16,58.

Albayrak, Halis, *Tefsir Usulü*, (İstanbul: Şûle Yayınları, 2009), 125.

Aydüz, Davut, *Tefsir Tarihi, Çeşitleri ve Konulu Tefsir*, (İzmir: Işık Yayınları, 5. Baskı, 2008), 31.

Paçacı, Mehmet, *Kur'an Vahyi*, (İstanbul: Kuran Çalışmaları Vakfı Yayınları, 2017), 314, 316, 320.

Ricoeur, Paul, *Hermeneutics and the Human Scieces*, Ed. John B. Thomson, (Cambridge University Press, New York: 1998), 98.

Sinanoğlu, A. Faruk, "Dini Metinlerin Yorumuna Toplum Bilim Açısından Yaklaşım", İslâm ve Yorum Sempozyumu Fikret Karaman (Malatya: Malatya İlahiyat Vakfı Yayınları, 2017), 141.

Suyuti, Celaleddin Abdurrahman, *el-İtkan fi Ulumu'l-Kur'an*, thk.: Ahmed b. Ali, (Kahire: Daru'l-Hadis, 2006), 1/41-44.

Zekeşi, Bedreddin Muhammed b. Abdullah, *el-Burhan fi Ulumu'l-Kur'an*, (Kahire: Daru't-Turas, 2008), 1/11-12.

Zerkani, Muhammed Abdulazim, *Menahilu'l-İrfan fî Ulumu'l-Kur'an*, (Beyrut: Daru'l-Kitabi'l-Arabiyye, 1995), 31.